● Улуттук банк түшүндүрөт

# Төлөмдөрдүн коопсуздугу. Эсеп ачпастан акча которуулар системалары




Бул макалада кеп ылдам акча которуулар системаларын пайдалануудагы коопсуздук жөнүндө жүрмөкчү.

Бирок, жаңы технологияларды пайдалануу менен, биз көп учурда алар кантип иштеп жатканы жөнүндө ойлонбойбуз. Албетте, мисалы автоунааны айдоо үчүн ички кыймылдаткычтын түзүлүшүнүн, башка түйүндөрүнүн техникалык өзгөчөлүктөрүн түшүнүүнүн зарылчылыгы жок. Бирок, терс кырдаалдарды болтурбоо үчүн негизги эрежелерди билүү керек.

Акча которуулар системасынын өзгөчөлүгү системанын эрежелери, бардык маалымат жана акчалар борборлоштурулуп системанын операторунда жыйналгандыгында турат (эл аралык системаларды алганда операторлор Россиянын, АКШнын, Казакстандын, Азербайжандын ж.б. өлкөлөрдүн территорияларында), ал өзүнүн бардык агенттеринин ортосунда эсептешүү жүргүзөт. Банктарга бул схемада агенттин ролу берилет, ал кардарлар менен иштөө, акчаларды кабыл алуу, которууга бланктын толтурулушунун жана аны атайын программа аркылуу операторго жөнөтүүнүн тууралыгы, же которууну берүүдө – бул которууну суммасы, жөнөтүүчүсү жана контролдук коду боюнча программадан издөө жана алуучуга берүү үчүн жооп берет. Банк эмне кылышы керек жана кыла албайт – мунун баары оператор менен келишимдерде жана системанын эрежелеринде көрсөтүлгөн. Которуулар – көп учурда эл аралык транзакциялар болгондуктан, которууну артка кайтаруу процесси ар кайсы өлкөлөрдүн (которууну жөнөтүү өлкөсү – системанын оператору болгон өлкөдө – которууну берүү өлкөсү) атайын органдарынын ортосундагы макулдашуу процедуралары, ошондой эле бул өлкөлөрдүн мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрү менен татаалдашат.

**МААЛЫМДАМА:** ***Кыргыз Республикасынын аймагында банк эсебин ачуусуз акча каражаттарын которуулар Кыргыз Республикасынын жеке адамдары, резиденттери жана резидент эместери тарабынан улуттук же чет элдик валюталарда акча которуулардын адистештирилген системаларын (локалдуу, эл аралык) пайдалануу менен коммерциялык банктар аркылуу же банктардын түз корреспонденттик мамилелери (эл аралык/чек ара аркылуу өткөрүлгөн акча которуулар) боюнча жүзөгө ашырылат.***

***Адамдар акча каражаттарын которуу системаларынын жөнөкөйлүгүн жана ыңгайлуулугун дароо эле баалашты, ал аталган системалардын дүркүрөп өсүшүнө алып келди.***



**МААЛЫМДАМА:** ***2016-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын территориясында 14 эл аралык тез акча которуу системалары (Золотая корона, UNIStream, CONTACT, Western Union, Салам, MoneyGram, ЛИДЕР, АНЕЛИК, BLIZKO, FASTER, Caspian Money Transfer, БЭСТ, Xpress Money, InterExpress,) жана 13 локалдуу тез акча которуу системалары (Береке, Эко-Трансфер, Транзит, Аргымак, Кыргызтрансфер, Бакай Трансфер, Беркут, Аманат, Money Stream, Азия Экспресс, Ылдам, Тулпар, Capital Transfer) иштөөдө.***

Акча которуулар системаларынын дагы бир өзгөчөлүгү – бул ылдамдык. Салттуу которууларга салыштырмалуу ал тез. Мына ошондуктан жөнөтүүчү өлкөлөргө көп учурда которууну токтотуу татаал, бирок которуу берилип калган болсо – анда оператор да, банк да эч нерсе кыла албай калат. Жөнөтүүчүгө өз акчаларын кайтаруу маселесин укук коргоо органдары аркылуу гана чечүүгө туура келет.

Алдамчылар бул системаларды жакшы түшүнүшөт, алардын бардык өзгөчөлүктөрүн билишет, ишендирүү жана ар кандай амалдар менен ишенчээк жарандарды жок пайдаларды убада кылуу менен акчалардын белгилүү бир суммасын которууну сунушташат. Интернет тармагынан акча которуулар системалары менен алдамчылык ыкмалары жөнүндө көп сандаган таржымалдарды жана талкууларды табууга болот. Аз эмес даттануулар Улуттук банка да түшүүдө.

### Алдамчылыктын кеңири белгилүү болгон болжолдуу схемалары:

– алдамчылар Интернетке кулактандыруу коюшуп, анда кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктөрдү, ошондой эле башка буюмдарды өтө төмөн баада сунушташат, бирок төлөөнү акча которуулар системасы аркылуу гана жүргүзүүнү суранышат. Же өзүңдүн төлөө жөндөмдүүлүгүңдү тастыктоону жана күрөө катарында акчаны акча которуулар системасы аркылуу жүргүзүүнү, ошол эле учурда тастыктоо иретинде квитанциянын көчүрмөсүн жөнөтүүнү сунушташат;

– Сизге лотереянын же акциянын жеңүүчүсү болгонуңузду билдиришет жана салыкты же байгени жеткирүү акысын төлөөнү суранышат;

– Сизге чалышып, жакын адамыңыз жагымсыз кырдаалга кабылганын (тоноугонун, уурдалып кеткенин, аварияга учураганын, ооруканага, милицияга түшүп калганын ж.б.) жана ага тезинен акча керектигин билдиришет;

– башка өлкөдө ишке орноштурууну (окууну) сунушташат, бирок документтер, уруксат, ж.б. чыгымдарды алдын ала төлөөнү сурашат.

Акча которуулар системасы акчаны башка жакка которуунун пайда көрүлбөй турган формасы үчүн кызмат кылат жана бизнес жүргүзүү үчүн АРНАЛГАН ЭМЕС, андыктан төлөмдүн өткөрүлгөндүгүнүн тастыкталуусу боло албай турганын эске алыңыздар. Алдоо болгондо акчаны артка кайтарууга дээрлик мүмкүн эмес. Алдамчыларды аныктоо өтө татаал, себеби алар адатта башка өлкөлөрдүн жарандары болуп саналышат, көп учурда акчаны алууда жасалма документтерди пайдаланышат же башка адамдар аркылуу аракеттенишет.

Мунун баарын эске алуу менен акча которуулар системасында жөнөтүүчүлөр жана алуучулар акча каражаттарын жөнөтүүдөгү мүмкүн болуучу тобокелдиктерди түшүнүүгө тийиш. Процесстин ар бир катышуучусу анын ролу үчүн каралган жоопкерчиликти тартууга тийиш.

### Акча которуулар системасы аркылуу акча которууда алдамчылыкты болтурбоого жардам берүүчү жөнөкөй эрежелердин болжолдуу тизмеси:

• өзүңүз билбеген жана көрбөгөн адамдарга эч качан акча жөнөтпөңүз;

• ашкере жагымдуу болуп сезилген ар кандай бүтүмдөрдөн жана сунуштардан сактаныңыз;

• Интернеттен алынган товарларга акы төлөө үчүн акча которуулар системасын пайдаланбаңыз;

• чет элдик лотереялардан утуштар боюнча салыктарды же жыйымдарды төлөө үчүн эч качан акча жөнөтпөңүз.

Сиз алдамчылардын курмандыгы болуп калганыңызды сезип турсаңыз, анда ал акча каражатын которгон банкка кайрылыңыз. Эгерде которуу бериле элек болсо, анда сиздин аны кайра кайтарып алганга укугуңуз бар. А которуу берилип калган болсо, анда сиз банк системанын операторунан зарыл маалыматтарды сурап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн тиешелүү арызды жазыңыз. Кандай болгондо да, банктын кызматкерлеринен акча которуулар системасы жөнүндө кеңири маалыматты сурагандан тартынбаңыз. Банктын кызматкерлери түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө милдеттүү.

Алдамчылыктан кантип коопсуздануута болот?

### Сак болуңуз жана төмөнкүдөй учурларда ойлонуңуз:

• Сиз ашкере эле жагымдуу болгон, айталы, кымбат же тартыш товар өтө төмөн баада болгон сунуш алдыңыз.

• Сиз Интернет аукциондогу сатыкта жеңүүчү болуп калдыңыз жана төлөөнүн жалгыз формасына – акча которууга макул болгон сатуучу менен келишип жатасыз.

• Сизге лотереянын жеңүүчүсү болгонуңузду же байге утканыңызды, бирок, аны алганга чейин салыктарды же жыйымдарды төлөөгө тийиштигиңизди билдиришүүдө.

• Сизге кулактандырууңуз боюнча жооп берип жана үй жаныбарыңыз же баалуу буюмдарыңыз табылганын билдиришип жана аларды жөнөтүү үчүн сүйүнчү катарында акча салууну суранышууда.

• Сиз товар сатып жатасыз жана сураган бааңыздан алда канча ашкан суммага чек алдыңыз, бирок, сизден ашыкча сумманы кайра акчалай которуу менен жөнөтүүнү суранышууда.

• Сизге төмөн үстөк пайыз менен насыя сунушташууда, бирок, жыйымдын суммасын же карызды тейлөө боюнча алгачкы төлөмдөрдү акча которуу кызматы аркылуу алдын ала төлөөнү суранышууда.

• Сизге кимдир бирөө жакын адамыңызды күрөө менен бошотуу же дарылоо үчүн акча которуу өтүнүчү менен милиция кызматкеримин же ооруканаданмын деп чалып жатат.

• Сиз соода өкүлчүлүгү вакансиясы жөнүндө кулактандыруу боюнча чалдыңыз жана сизге чек жөнөтүшүп жана акчаны кайра которуп жиберүүңүздү суранышууда. Банк акчаны бергенде да чек же төлөм тапшырыгы кийин системада иштетилүүдөн өтө тургандыгын билдирбейт. Жасалма чекти же төлөм тапшырыгын табуу жумалап жүрүшү мүмкүн жана бул убакта банк сиздин эсебиңизге алгач эсептелген сумманы кармап тура алат.

• Интернет аукциондо алынган товарларга акча которуулардын жардамы менен төлөөдөн качыңыз.

• Эч кимге өзүңүздүн: кимге, кимден которгонуңуз, суммасы, андан да сиздин которууңузга система ыйгарган контролдук код жөнүндө билдирбеңиз. Бардык эле өлкөлөрдө кодду билүүнү жана паспортту көрсөтүүнү талап кыла беришпейт. Айрым өлкөлөрдө которуу жөнөтүүчү жөнүндө маалымат, которуунун суммасы жана жөнөтүлгөн өлкө көрсөтүлгөндө бериле берет. Бул эми ар бир өлкөнүн мыйзамдык өзгөчөлүктөрү.

Акча которуулар системасы, албетте, өз туугандарына жана жакындарына акчалай которууларды тезинен жөнөтүү үчүн ыңгайлуу аспап. Бирок, ар бир медалдын экинчи бети болгондой эле, сактык жана технологиянын өзгөчөлүктөрүн билүү жагымсыз кырдаалдарды болтурбоого жана прогресстин жетишкендиктеринен пайдаланууга жардам берет.

### Эсиңиздерде болсун!!!

**• Акча которуулар кызматы – бул сиз билген жана ишенген адамдарга акча которуунун ылдам, ишенимдүү жана ыңгайлуу ыкмасы. Кызмат сиз билбеген адамдарга акча которууга арналган эмес.**

**• Акча которууну жөнөтүүдө алуучунун ойдон чыгарылган ысымын пайдалануу бейтааныш менен бүтүм жасоодо коргобойт. Мындай кылбаңыз.**

**• Эгерде бир нерсе чындык болушу үчүн өтө жакшы угулса, ал иш жүзүндө чындык эместиги көбүрөөк ыктымал.**